УДК 376.015.31:73/76-056
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-215-218

**Карыбаева Нурайым, Конокбаева А. Н.**
И. Арабаева атындагы КМУнун педагогика факультетинин логопедия профилинин студенти,
И. Арабаева атындагы КМУнун педагогика факультетинин
атайын педагогика жана психокоррекция кафедрасынын окутуучусу
**Карыбаева Нурайым, Конокбаева А. Н.**
студенка профиля логопедии факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева,
преподаватель кафедры специальной педагогики
и психокоррекции факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева
**Karybaeva Nurayim, Konokbaeva A. N.**
student of the faculty of pedagogy KSU named after I. Arabaev speech therapy profile,
Lecturer Special pedagogy and psychocorrection faculty of pedagogy KSU named after I. Arabaev

«Эгер биз өзүбүздүн өзгөчөлүктөрүбүздү төгүндөй албасак да жок дегенде дүйнөнү көп түрдүүлүк үчүн жай кылууга дараметибиз болушу керек»
«Если мы не можем покончить с нашими отличиями, мы, по крайней мере, в состоянии сделать мир местом, безопасным для многообразия»

**Джон Фицджеральд Кеннеди**

# ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ПЕДАГОГДОР ЖАНА АТА-ЭНЕНИН ӨЗ АРА КЫЗМАТТАШУУСУ ОКУУ ПРОЦЕССИНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУНУН ФАКТОРУ КАТАРЫ

# ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ ПЕДАГОГОВ И РОДИТЕЛЕЙ В УСЛОВИЯХ ИНКЛЮЗИВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ КАК ОДИН ИЗ ФАКТОРОВ РЕЗУЛЬТАТИВНОСТИ УЧЕБНОГО ПРООЦЕССА

# INTERACTION OF TEACHERS AND PARENTS IN THE CONDITIONS OF INCLUSIVE EDUCATION AS ONE OF THE FACTORS OF PERFORMANCE OF THE EDUCATIONAL PROCESS

**Аннотация:** Бул макалада инклюзивдик билим берүүдөгү педагогдор менен ата-энелердин тыгыз байланышы каралып, кандай актуалдуу проблемалар бар экенидиги көрсөтүлгөн.

**Аннотация:** В статье рассматриваются вопросы взаимодействие между родителями и педагогами, так же какие есть актуальные проблемы.

**Annotation:** : Abstract: the article discusses the issues of interaction between parents and teachers, as well as what are the current problems.

**Негизги сөздөр:** Инклюзивдик билим берүү, атайын муктаждыгы бар балдар, гипо камкордук, гипер камкордук, ата-эне, тарбиячы, педагог, тарбиялоо, окутуу.

**Ключевые слова:** Иклюзивное образование, дети с особыми образовательными потребностями, гипоопека, гиперопека, родители, воспитатель, педагог, воспитание, обучение.

**Keyword** : Inclusive education, children with special educational needs, hypoopeka, hyperopeka, parents, educator, teacher, education, training.

Инклюзивдик билим берүүнүн негизги идеологиясы – бардык балдарды дискриминациялоону жоюу болуп саналат. Башкача айтканда тил, улут, дене өсүшү, интеллектуалдык, психикалык өгөчөлүктөрүнө карабастан бардык балдарды билим берүү

системасына кошуу болуп саналат. Ошол эле учурда аларды жалпы билим берүүчү мектептерге кошуп койбостон, аларга атайын шартты түзүп берүү негизги максаты болуп эсептелинет. [2]

«Үй-бүлө» бул бирден –бир тарбия берүүчү институт. Үй-бүлө адамга өтө маанилүү баалуулуктардын катарына кирет, ал балага тарбия берүү, инсандык өнүгүшүн калыптандыруунун чоң потенциалына ээ. Жан дүйнөнүн алгачкы башаты жана ал балдарды ар кандай маданияты жана дини бар элдердин арасында жашоого үйрөтөт. [1]

Ал эми атайын муктаждыгы бар баланы тарбиялоодо ата-эненин ролу абдан чоң. Себеби, мүмкүнчүлүгү чектелген баланын тагдыры, келечекте өз алдынча болуусу ата-эненин колунда. Ата –энелер кандай болсо ошондой боюнча кабыл алышы, балага керектүү шарт түзүп берүүсү, атасы, апасы бирдей көңүл бөлүүсү милдеттүү. Баланы тарбиялоо жана окутуу өтө оор жана жоопкерчиликтүү, өзгөчө эгер бала атайын муктаждыктары менен болсо. Ошондуктан ата-энелер балдар даарыгерине, адистерге көрүүсү, угуусу, кыймылдоосу жана башка жакшыртууга багытталган өз убагында жана пайдалуу кеңештерди, ошондой эле жардамды алуу үчүн эртерээк кайрылышы керек. Даарыгерлердин, адистердин кеңештерине бир жолу эмес мезгил-мезгили менен кайрылып туруу керек.

Ата-энелер педагогикалык жана методикалык адабияттарды окуп туруу, тарбиячы,мугалимдердин талап, кеңештерин аткаруу зарыл. Себеби, атайын муктаждыгы бар балдарды тарбиялоодо каталар кетет. Мисалы, ашкере камкордук же гипер камкордук (гипероопека) . Өзгөчө муктаждыгы бар балага ашыкча камкордук кылуу, баланын өз алдынча болуу мүмкүнчүлүгүн жок кылышат. Ал өмүр бою бирөөнүн жардамын күтүп же бирөөгө муктаж болуп, өз алдынча аракет кылбай калуу коркунучу бар. Өзү тамактанбай, өзү кийинбей, гигиеналык талаптарды өз алдынча аткарбай, анын оордуна башка бирөө жасап берүүсүнө көнүп калат. Өз максаттарына жетүүгө аракет кылуу муктаждыгы жок болот, коомго аралашуусу, өзүн туура алып жүрүүсү кыйын болуусу ыктымал. Гипер камкордукта баланы ашкере эркелетишип, аяшат,баарынан коргошот, ал жасай алчу нерсени дагы жасатышпайт. Чоңдор жакшы ой менен бала үчүн баарын жасап жүрүп, чындыгында аны алсыз, олдоксон, башкалардын жардамына дайыма муктаж кылып чоңойтушат. Же тескерисинче балага аз көңүл буруу (гипоопека). Кээ бир үй-бүлөлөрдө ушул көрүнүш дагы байкалат. Мүмкүнчүлүгү чектелген бала төрөлсө атасы же апасы жээрип, бири-бирин күнөөлөп, ажырашууга чейин барган ата-энелер кездешет. Андай уй-бүлөөдө балага аз көңүл бурулуп, керектүү шарттарды түзүп бербөөгө толук ыктымал. Же социалдык-экономиялык шартка байланыштуу ата-энелер иштеп кетишет, а балага толук көңүл бурулбай калат. Ал учурда бала эч кимге кереги жоктой, өздөрүн жалгыз жана алсыз сезишет. Алар түнт, жалтаң, чечкинсиз болуп калышат. Майыптыгы бар балага аз көңүл бөлүүсү баланын психологичсына зор таасирин тийгизип, бала керексиз, пайдасыз, бактысыз сезимдери күч алышы мүмкүн. [5]

Азыркы учурда балдарга тарбия берүүдөн алыстап кеткен уй-бүлөөлөр көбөйдү. Өзүлөрүнүн башкы милдеттери катары баланын курсагын тойгузуу жана аны кийинтүү деп эсептешет да, ал эми билимди, тарбияны берүү жоопкерчиликтерин билим берүү мекемелерге, адистерге жүктөп коюшкан.

Үй-бүлөдө тарбия берүүнүн принциптери болуп балага максималдуу көңүл бурууга, аны сыйлоого, туура талаптарды түзүп берүү жана андан талап кылуу эсептелет. Туруктуу баалуулук системасы бар уй-бүлө гана балдарга татыктуу тарбия берүүгө кепил боло алат.

Ата –энелер мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга алардын колунан келбеген талаптарды коюу менен дагы туура эмес мамиле кылаарын белгилей кетүү керек. Андай талаптарды аткаруу үчүн чоң күч жумшоого зарыл. Мындай учурларда бала моралдык жана физикалык жактан катуу кыйналат. Чоңдор канааттанбай калганын көрүп, ата-энелери күткөн нерсени жасабаганынан жиндери келип турганын көрүп бала кайгырат, коркот, эч нерсе кылгысы келбейт. Мунун айынан бала гана көбүрөөк кыйналат, көрүнбөгөн, узакка созулган конфликт пайда болушу мүмкүн. Бул нерсе болбош үчүн ата-энелер балдарын өзгөчө экенин, өзгөчө мамиле, чоң сүйүү, камкордук, көңүлгө муктаж экенин эстен чыгарбоо керек.[1]

Окутууда өзчөчөлүгү бар балдардын күчтүү таланттары, жеке жөндөмдүүлүгү бар экенин билип, аны өнүктүрүүгө жардам берүү керек.

Үй-бүлөдө майыптыгы бар баланын нормалдуу өсүп келе жаткан бир туугандары менен туура мамилелерин калыптанышын, чыдамкайлык менен мамиле кылгандай, аны таарынтпагандай, кошо ойногондой, ага камкордук көрсөткөндөй тарбиялап,балдардын баарын бирдей жакшы көрүп, бирдей мамиле жасап, балдардын арасында шектенүү, көз артуу, бири-бирине атаандашуу болбой, биримдикте, ынтымактуу болуп жашоого үйрөтүү ата-эненин милдети.

Мындай оор ишке ата-энелердин даяр эместигинен үй-бүлөөдөгү тарбияда көп каталар кетет. Ошол себептен, ата-энелер адистердин кеңешин, талаптарын четке какпай, аткаруу зарыл.

Ал эми ата-энелерге туура, керектүү кеңештерди берүүчү бул педагогдор. Мугалим, тарбиячылар балдарга туура байкоо жүргүзүү зарыл. Баланын өзгөчөлүктөрүн, талантын, жеке жөндөмдүүлүгүн, кандай шарттарды түзүп берүү керек экенин, максималдуу жакшыртууга кандай методикаларды колдонуу керек экенин билип, түшүнгөндөн кийин ата-энелерге туура, так, жөнөкөй тил менен түшүндүрүп берүү шарт. Педагогтор баланын денгээлин айтып жатканда ата –энелер баланын мүмкүнчүлүгүн ашкере көрүп гипер камкордук же тескерисинче мүмкүнчүлүгүнүн денгээлин түшүнбөй, гипо камкордук же баланын колунан келбеген нерсени талап кылуу менен балага зыян келтирбегендей кылып түшүндүрүүсү керек. Ал үчүн тарбиячы, педагогдор өз ишин так билип, инклюзивтик билим берүүнү жакшы өздөштүрүүсү, практикалык жактан билүүсү үчүн уламдан-улам квалификацияны жогорулатуу курсун, тренингтерди, китептерди, статияларды жана маалыматтарды, методикаларды окуп туруу көп пайдаларды алып келет. [6]

Окууда өзгөчөлүгү бар балдар бала бакчаларга келе баштаган учурдагы адаптация болуусу дайыма эле ийгиликтүү боло бербейт. Педагог дагы өзгөчө муктаждыгы бар баланы нормалдуу өсүп келе жаткан бир тайпадагы же бир класстагы балдардан бөлбөй, чогу билим алган санаалаштары өзгөчө муктаждыгы бар баланы кемсинтпей, кемчиликтүү карап, жаман жагымсыз мамиле кылбай, ынтымакта чогу ойноп, жардам берип, достук мамиледе болуу жагдайды түзүү керек. Мүмкүнчүлүгү чектелген баланын канчалык достору көп болсо, алар менен чогу ойносо, достору менен дайыма сый мамиледе болсо, канчалык өзүн эркин сезсе, баланын өзүнө болгон баалоосу жогорулайт, коомдо өзүн туура алып жүрүүгө үйрөнөт.

Өзгөчө муктаждыктагы балдарды кошууну практикалаган балдар бакчасы жана мектептер ар бир баланын шык-жөндөмүнө ачууга багытталган. Ушундай инклюзивдик топтордун жана класстардын педагогтору ар бир баланын жекече талабын канааттандырууга аракет кылса, алар элдердин түрдүү кылык-жоруктарына түшүнүү менен мамиле кылып, өздөрүнүн жүрүм –турумун жана иш –аракеттерин мисалында адам мамилелеринин баалуулугун, адамга болгон сый-урматы, эгер адамдар бири-бирин колдоого алса алардын көйгөйлүү маселелерин кантип чечүүнүн жолдорун дагы көрсөтүшөт.

Инклюзивдик бала бакчадыгы жана мектептердеги окутуу өзгөчө муктаждыктагы балдарга типтүү өнүгүүдөгү балдардын жүрүм- турумун байкоо жана тууроо мүмкүнчүлүгүн жана алар менен өз ара кызматташууну берет.

Инклюзивдик окутуунун жардамы менен балдар адамдар менен сүйлөсү машыгуусун өнүктүрүп, турмушка даярданат. Балдар башкаларды кандай сыйласа өздөрүн дагы ошодой сыйлоону үйрөнүшөт. [3]

Бирок айыл жергесинде мектептерде инклюзивдик билим берүүнү жакшы өздөштүрбөөсү мүмкүн. Буга себеп дефектолог адистердин жоктугу же мугалим, тарбиячылар инклюзивдик окутуунун методикаларын билбегендиктен же керектүү шарттардын жоктугу. Бул учурда өзгөчө муктаждыктагы балдарга эч жардам көрүлбөй калуу коркунучу бар. Бул маселе болбоо үчүн бала бакча же мектеп жетекчилери атайын адистерди, дефектологторду чакырып, кесиптештерине, ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, педагогторго инклюзивтик окутуу методикаларын үйрөтүүгө тийиш.

Баардык балдарды окутууга мүмкүн болгондуктан аракетти күчөтүп ата-энелер, педагогтор, адистер биргеликте иштөө керек. «Күч биримдикте» деген макалдай өзгөчө муктаждыгы бар балдарды окутуу, тарбиялоо, келечекте өз алдынча болууга үйрөтүү бул ата-эне, педагогтордун колунда.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. «Инклюзивтик билим берүү» Усенко Л.В., Дудкина О.И., Сейдекулова Г.С : мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары жана башталгыч мектептин мугалимдери үчүн методикалык колдонмо.
2. Инклюзивдүү билим берүү жогорку окуу жайында: интеграцияланган окуу-метод.колдонмо.-Б.:Бийиктик.2010.-172б.
3. http://maralfm.kg «инклюзивдик билим берүү –өзгөчө муктаждыктагы балдардын чектөөлөрүн жоет».
4. Рекомендация по осуществлению инклюзивного образования. -Бишкек, 1999г
5. Сейдекулова К. С., Усенко Л. В. «Типовая программа воспитания , обучения и развития ребёнка- дошкольника» – Бишкек, 1998 г.
6. Л. Н. Собчик Психология индивидуальности. Теория и практика психодиагностики . СПб.: Речь, 2005, ISBN 5-9268-0195-8

УДК 1174.37
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-218-222

**Келдибаева П.Г., Джапарова З.Б.**
Кыргыз-Түрк Манас университетинин гуманитардык факультетинин магистранты
И.Арабаев атындагы КМУнун улук окутуучусу
**Келдибаева П.Г., Джапарова З.Б.**
Магистрантка гуманитарного факультета Кыргызско-Турецкого Университета Манас
Старший преподаватель КГУ им. И. Арабаева
**Keldibaeva P.G., Djaparova Z.B.**
Master's student at the Faculty of Humanities, Kyrgyz-Turkish Manas University
Senior Lecturer KSU named after I. Arabaev

## БАЛАНЫН МЕКТЕПКЕ АР ТАРАПТУУ ДАЯРДЫК СУРООЛОРУ

## ВОПРОСЫ ВСЕСТОРОННЕЙ ГОТОВНОСТИ РЕБЕНКА К ШКОЛЕ

## QUESTIONS OF COMPREHENSIVE READINESS OF THE CHILD TO SCHOOL

**Аннотация:** Макалада балдардын мектепке анатомия-физиологиялык, инсандык, интеллектуалдык, психикалык жактан даяр болуусу каралган.

**Аннотация:** В статье рассматриваются анатомо-физиологический, личностный, интеллектуальный, психологический готовность детей к школе.

**Annotation:** The article discusses the anatomical and physiological, personal, intellectual and psychological readiness of children for school.

**Негизги сөздөр.** Таанып билүүчүлүк, социалдык мотив, ойлоо процесстери, өнүгүү шарты

**Ключевые слова.** Познавательность, социальный мотив, условия развития, мыслительные процессы.

**Key words.** Cognition, social motive, condition of development, process of thinking.

**Баланын мектепке анатомиялык-физиологиялык даярдыгы.** Баланын мектепке болгон даярдыгын эске алганда Л. И. Божович белгилегендей эки чоң блокко токтолуу керек, башкача айтканда мектеп окуусуна болгон интеллектуалдык жана инсандык даярдыктар. Бирок ошону менен катар баланын мектепке даярдыгында анатомиялыкфизиологиялык